КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
КӨЛ-ТӨР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КОЛ-ТОРСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Көл-Төр айыл аймагынын айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги 22-сессиясы**

**ТОКТОМ**

2023-жылдын 14-декабры №33 Көл-Төр айылы

**Тоң райондук өнүктүрүү фондунан каржылоо үчүн 2024-жылдагы планына долбоорлорду сунуштоо тууралуу**

Көл-Төр айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Көл-Төр айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Көл-Төр айыл өкмөтүнүн 2024-жылдагы жасай турчу иш планына кирип жаткан төмөндөгү долбоорлор Тоң райондук өнүктүрүү фондунун 2024-жылдагы планына каржылоо үчүн сунушталсын:

- У.Иманбаев атындагы айылдык клубуна музыкалык аппаратура алуу -230 000 сом;
- Коңур-Өлөң айылынын жайыты менен айылдын ортосундагы мал өтүүчү жолдун четин коруу иштерине - 4 035 800 сом;
- Көл-Төр айылындагы Ж.Айтикеев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин короосуна брусчатка жаткыруу жана айланасын темир тосмо менен тосууга - 1 100 000сом;
- Тогуз-Булак айылындагы Үч-Кудук насостук станциясын иштетүүгө - 2 000 000сом;
- Көл-Төр айылындагы “Ичке-Төр айыл суу” ИСКАКБсынын насосун жана түтүктөрүн толугу менен жаңыртууга - 400 000сом.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөттүн башчысы Тойчубек Рыспай уулуна, көзөмөлү пландоо, бюджет, экономика, соц маселелер, реформа боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын..

Төрага **Б.Барыктабасов**